*“Оорулар бир четинен жашоо мүнөзүнөн, бир четинен өзүбүз дем алып жашаган абадан келип чыгат”*

*ГИППОКРАТ*

## ТАМЕКИ – ӨЛҮМДҮН ГЛОБАЛДУУ ФАКТОРУ

Тамеки – өндүрүүчү тарабынан каралгандай керектеген учурда өлүмгө алып келген жалгыз легалдуу сатылуучу керектөөчүлүк товар. Тамеки буюмдарын керектөө 25тен ашуун инфекциялык эмес оорулардын **(ИЭО)** өнүгүшүнө алып келет.




1-сүрөт. Дүйнөдө 2005-2030-жылдары тамеки керектөөгө байланыштуу өлүмдөрдүн топтолгон саны

2005-жылдан 2030-жылга чейин тамеки дүйнө жүзүндө 175 миллион адамдын өмүрүн алып кетти[1]. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДССУ) изилдөөлөрүнүн маалыматы боюнча тамеки тартуу коомдун эң өндүрүмдүү бөлүгүн жабыркатат. 35 – 69 жаштагы 30% эркектер тамекиден көз жумушат. Тамеки төмөнкүлөргө себептүү:

- 95% - өпкө рагынан болгон бардык өлүмдөрүнө;
- 92% - эрин, ооз көңдөйү, кекиртектин рагына;
- 78% - кызыл өңгөч, ашказан рагына;
- 80% - өпкөнүн обструктивдүү өнөкөт ооруларынан (ӨӨӨО);
- 30% - жүрөк-кан тамыр ооруларына (ЖКТО).

Кыргыз Республикасында (КР) тамекини керектөөгө байланыштуу калктын өлүмүнүн жана жашоо узактыгынын түзүмү 1 – 4-таблицаларда берилди.

[1] - Mathers CD, Loncar D. Projections of global mortality and burden of disease from 2002 to 2030. PLoS Medicine, 2006, 3(11): e 442.

**1-табл. Кыргыз Республикасында тамекиге байланыштуу жалпы өлүмгө учуроолор**

35-69 жаштагы **28%** эркектер жана 70 жаштан ашкан **17%** эркектер тамеки тартуунун себебинен **каза болушту**[2]

Аялдар арасында жашына жараша - **4% жана 5%**

**2-табл. Тамекиден болгон өлүмдөргө байланыштуу жашоонун узактыгын жоготуунун деңгээли**

| | 35-69 жаш | 70 жаштан ашкандар | 35 жаш жана андан ашкандар |
|---|---|---|---|
| Каза болгон КР жарандарынын жашоо узактыгын жоготушу | **21 жыл** | **7 жыл** | **16 жыл** |

**3-табл. Кыргыз Республикасында бардык онкологиялык оорулардын арасында тамекиге байланыштуу өлүмдөрдүн деңгээли**

| | 35-69 жаш | 70 жаштан ашкандар |
|---|---|---|
| Эркектер | 42% | 31% |
| Аялдар | 3% | 6% |

**4-табл. 35-39 жаштагы топто тамекиге байланышкан негизги инфекциялык эмес оорулардан Кыргыз Республикасында жалпы өлүмдөрдүн түзүмү**

| | эркектер, n (%) | аялдар, n (%) |
|---|---|---|
| Өпкө рагы | 344/375[3] (92%) | 20/66 (30%) |
| ЖКТО | 751/2709 (28%) | 161/1963 (8%) |
| ӨӨӨО | 490/695 (71%) | 69/383 (18%) |
| Башка оорулар | 209/2323 (10%) | 15/1035 (2%) |

Ошентип, өлүмдөр түзүмүндө **үч эң негизги оорулардын** тамеки менен себептик-кесепеттик байланышы бар - булар

- 1) ЖКТО (инфаркт, стенокардия, гипертониялык оору, инсульт, буттардын гангренасы ж. б.),
- 2) онкологиялык оорулар (өпкө рагы, эрин, ооз көңдөйүнүн органдарынын, ашказандын рагы),
- 3) ӨӨӨО (өнөкөт бронхиттер, аллергиялык бронхиттер, бронхтук астма, өпкө эмфиземасы).

[2] - Richard Peto и др. в книге: Mortality from smoking in developed countries 1950 – 2000. Indirect Estimates from National Vital Statistics. New York, 1994, 553p.

[3] Тамеки тартууга байланышкан өлүмдөрдүн саны/ар бир нозологиядан өлүмдөрдүн жалпы саны бул жерде жана мындан ары